УДК: 37.026

Омурзакова К.К.
*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

**2-КЛАССТА «ЖАДЫРАГАН ЖАЙДА» БӨЛҮМҮНДӨ ЖАЙ ТЕМАСЫНА АРНАЛГАН ЧЫГАРМАЛАРДЫОКУТУУ**

*Аталган макалада башталгыч класстарда жыл мезгилдерин окутуунун өзгөчөлүгү каралды. Жыл мезгилин 2-класста окутуу, окуучулардын кебин өстүрүү маселелерине көңүл бурулду.*

*Данной статье рассматривается особенности преподавания времен года в начальных классах. Уделено внимание развитию речи учащихся при обучения темы «Лето» во втором классе.*

*This article dickusses the features of training seasons in primary school. Affention is raid to the deve lopment of speech of pupils in the learning topics, «Summer» in the second class*

**Башталгыч класстардын адабий окуу** сабагында жыл мезгилдерин окутуунун өзгөчөлүгү бар. Анткени окуучуларга ар бир жыл мезгилинин өзүнө тиешелүү, мүнөздүү өзгөчөлүгү, айырмасы тууралуу баяндап айтуу, түшүндүрүү, алардын кабыл алуусун, ой жүгүртүүсүн, өз алдынча байкоо жүргщзүүсүн, изденүүсүн өстүрөрү бышык. Жыл мезгилдери тууралуу билими, билгичтиктери өнүгөт, түшүнүгү артат. Андыктан мугалим сабак өтүүдө предмет аралык байланышты баса белгилей кетүүсү сабактын натыйжалуугун арттырарын эске алууга тийиш. Алсак, мекен таануу сабагы менен, жаратылыш менен тыгыз байланыштырып өтүү окуучулардын сабакка болгон кызыгуусун, дилгирлигин арттырат. Кошумча маалыматтарды, материалдарды өз алдынча окуусуна түрткү берет. Чыгарма жаратуусуна, жазуусуна, жыл мезгилдери тууралуу билгендерин ырааттуу баянда пайтууга, т.а., жазуу жана сүйлөө (оозеки) кебинин өсүшүнө абдан чоң өбөлгө болот.

*ЖАДЫРАГАН ЖАЙДА* бөлүмүн окутууда 2-класстын Адабий окуу китебинде Жолдошбай Абдыкалыковдун «Жайдын бир күнү» деген ыры өтүлөт.

Эртерээк бала жашындай,
Тоодо бат күн жаап, басылбай.
Азыр да чытып кабагын,
Жамгырлайт асман ачылбай.

Кез-кезде «чарт» деп күкүмү,
Очокто отун бүкүлү.
Ырыксып күйөт, көбөйүп
Отунан дагы түтүнү.

Чыйрыга чапан жамынып,
Олтурам төрдө камыгып.
Күжүлдөп үйдүн ээлери,
Жүрүшөт саанга камынып.

Туланга тайып жыгылып,
Туйласа кулун чыңырып.
Жылкычы колдон чыгарбай,
Ноктолоп кармайт ныгырып.

Ырдын текстин мугалим өзү окуп берген соң, окуу китебинде ырдан кийин берилген суроолор менен иштейт.

Суроолор:

1. Ырда сүрөттөлгөн окуяны өз сөзүңөр менен баяндап айтып бергиле. Силер да жайлоодо болдуңар беле?
2. «Эркерээк бала жашындай» деп эмнени айтып жатат?
3. «Очокто оттун күйүшүн», «кулунду ноктолоп байлаганын» качан, кайдан көрдүң эле?
4. Өзүңөр да жайлоодо болгон күндөрүңөрдөн аңгеме куруп бергилечи.

Аталган суроолор менен иштеп бүткөн соң мугалим окуучуларга ырды өз алдынча окууга тапшырма берет жана аны жаттап алуусун сунуштайт. Ошондой эле окуучулардын өздөрү жайкы каникулда жайлоодо эс алган күндөрү тууралуу баяндап берүүсүн, класста ой бөлүшүүсүн өтүнөбүз. Окуучулардын бардыгы эле жайлоодо болушкан, анткени кыргыз жергебиз тоолуу болгондуктан, жайлоого чыкпаганыбыз чанда. Жайлоонун сүрөтүн тарттыруу да балдардын кызыгуусун арттырат. Алардын

жаратылышты таануусу, тактап айтканда, дүйнө таанымы, кабыл алуусу, ойлонуу көндүмдөрү (репродуктивдүү- көз алдына элестетүү, тартылтуу), эсине түшүрүү өндүү иш-аракеттеринин өсүп-өнүгүшүнө өбөлгө болот.

Андан соң Байтемир Асаналиевдин «Мактанчаак короз» аттуу чакан ыры окутулат. Ырда таттуу уйкуда жаткан Актанды окуудан каласың деп ойготконуна корстон болгон короздун жоругу сүрөттөлөт.

**Мактанчаак короз**

Каккылап короз канатын,
Кабарлайт тандын атканын:
-Унутуп коюп окууну,
Уят ко уктап жатканын

Актан да чочуп ойгонду,
Ал окуусун ойлонду.
Алкап жатты ичинде,
Аны ойготкон короздү.

«Ойготтум,-деп,-Актанды»,-
Койкондоп короз мактанды.
Короздор менен чокушуп,
Мойнунда жүнү аз калды.

Бул ырды окутууда мугалим, негизинен, төмөнкү маселелерге көңүл буруусу керек. Биринчиден, ырды окуучуларга үлгү болгудай тариздe көркөм окуп берүү, экинчиден, окуучуларды окутуу, алардын ырды туура окуусуна көңүл буруу, мазмунун түшүндүрүү.

Ырдын аягында берилген суроолор менен иштөө.

1. Ырда Актан корозго эмне үчүн ыракмат айтып жатат? Силер да эртең менен короз ойготкончо уктай бересиңерби?

2. Короз «мактанам» деп кандай абалга кабылды?

3. Мактануунун пайдасы кандай болот экен? деген суроолорду окуучулар менен бирге иштөө. Суроолорго жоопту ырдын текстинен табууга үйрөтүү. Окуучулардын «мактанчаактар» жөнүндө дагы эмнелерди билерин, «мактанчаак» болуу туурабы деген өңдүү суроолорду берүү, аңгемелешүү. Үйдөн ырды жаттап жана сүрөтүн тартып келүүгө берүү.

1. Жогорудагы ырды өтүүдө окуу китебиндеги сүрөт менен иштөө, же болбосо ошол эле сүрөттү чоңойтуп сабакта колдонуу оң натыйжа берери –турган иш. Ошондой эле ырдагы «Желеге бээ байлаптыр», «Эрке кыял мүнөздү, Эрктүүлүк менен алмаштым», «Мөндүрдөн дагы буйтадым», «Жапжакын экен асманы, Нурунан кармап Күндү өптүм» сыяктуу ыр саптарынын мазмунун чечмелеп түшүндүрүү класста көркөм окутуу сабактын эффективдүүлүгүн арттырат. Ал эми ырды жаттатуу болсо, окуучулардын эске тутумун жакшыртат, кеп байлыгын өстүрөт,ой жүгүртүүсүн өнүктүрөт, реакциясын, жөндөмүн, көндүмдөрүн машыктырат.

2. «Алдар көсөө жана хандын вазири» жомогу өтүлөт. Аталган жомокту өтүү үчүн атайын сабактын иштелмесин сунуштадык. Ал эми жомоктон кийин болсо, Ж.Исабаеванын «Күн менен торгой» жана Дүйшөбүбү Жамансартованын «Азаматсың, жылкычы» деген дүйнө таануу ырлары берилген. Дүйнө таануу ырларын окутуу башталгыч класстын окуучуларынын таанып-билүүсүн, ой жүгүртүүсүн, бир нерсени экинчи бир нерсе менен салыштырып айырмалоо, өзгөчөлүктөрүн, айырмачылыктарын айырмалап өздөштүрүүсүнө өбөлгө түзөт жана өз алдынча айлана-чөйрөсүнө, жаратылышка, жан-жаныбарларга жана башкаларга байкоо жүргүзүүгө, жаш курагына ылайык жыйынтык чыгарууга, бир бүтүмгө келүүсүнө түрткү берет.

Ж.Исабаеванын «Соң-Көл жайлоосунда» жана «Күн менен торгой» аттуу дүйнө таануу ырларын өтүүдө мугалим башталгыч класстын окуучуларынын кабыл алуусуна, дүйнө таануусуна, ой жүгүртүүсүнө өзгөчө аяр таасир этип, алардын кеп байлыгын

өстүрүүдө, жаратылышты сүйүүсүнө, коргоосуна, кам көрүүсүнө түрткү беришет.

**Соң-Көл жайлоосунда**

Чоң атам менен чоң апам,
Соң- Көлгө барып жайлаптыр.
Неберем кымыз ичет -деп,
Желеге бээ байлаптыр.
Кубалап кулун кармаштым,
Кыр ашып жылкы айдаштым.
Эрке кыял мүнөздү,
Эрктүүлүк менен алмаштым.

Шамалдан коркпой чуркадым,
Мөндүрдөн дагы буйтадым.
Чоң апам сааган бээ сүтүн,
Жылуулай ууртап жыргадым.
Түбүндө көлдүн туйлаган,
Балыктар менен сүйлөштүм.
Жапжакын экен асманы,
Нурунан кармап Күндү өптүм.

Ырды алгач мугалим өзү көркөм окуп, маанисин түшүндүргөн соң, асты сызылган ыр саптары менен иштөөсү керек. *Соң-Көлгө барып жайлаптыр* – жайлаптыр деген сөздүн маанисин кандай түшүнүшөт?*Желеге бээ байлаптыр* деген саптын, *Эрке кыял мүнөздү,Эрктүүлүк менен алмаштым* ыр саптарынын, *Мөндүрдөн дагы буйтадым – буйтадым* сөзүнүн маанисин, ошондой эле *Түбүндө көлдүн туйлаган,*

*Балыктар менен сүйлөштүм* жана *Нурунан кармап Күндү өптүм*саптарынын маанисин кеңири чечмелеп түшүндүрүп, керек болсо, окуучулардын сөздүк дептерине жаздыруу оъ. Ырдын текстин жаттоого сунуш кылуу, окуучулардын эс-тутумунун өсүшүнө, өнүгүшүнө мыкты өбөлгө болот.

**Күн менен торгой**

Торгой таңда ойгонуп,
Атып чыкты асманга.
Жада калса, Күн дагы,
Ойгоно элек жатканда.
Ал ырдады безилдеп,
Сулуулугун дүйнөнүн.
Ала-Тоонун абасын,
Суусун, жерин, гүлдөрүн.

Ал аңгыча, чокудан,
Күндүн көзү көрүндү.
Ырга кошуп ааламга,
Алтын нуру төгүлдү
Балдар-кыздар агылып,
Мектебине баратты.
Ырчы торгой дале ырдайт,
Дирилдетип канатты.

Жогоруда асты сызылган ыр саптарын мугалим окуучулар менен биргеликте иштөөгө тийиш. Мисалга алсак*; Жада калса, Күн дагы,*

*Ойгоно элек жатканда, Ала-Тоонун абасын, Суусун, жерин, гүлдөрүн, Күндүн көзү көрүндү, Ырчы торгой дале ырдайт, Дирилдетип канаты*- деген саптары менен биргеликте иштейбиз. Ырды окуучуларга жаттоого бергенибиз оң. Суроолорго кезек беребиз.

1.Балдар, силер жайлоодо болгонунарда торгойдун сайраганын уктуңар беле? Ал каякта сайрайт, бактабы же көккө чыгып сайрайбы?

2. Ырды окуганда, силерге эмне элестеди? Күн тийип, табият көркүнө чыгып, көктө торгой сайрап турганын өз сөзүңөр менен сүрөттөп бергилечи.

3.Торгойдун үнү менен булбулдун сайраганын салыштырып туурап бере аласыңарбы? Аталган суроолорго кошумча мугалим да суроолорду берип, биргеликте жоопторун алышкан соң, тапшырма «Торгой жана Күн» деп ат коюп, сүрөт тартып, боеп келүүгө беребиз.

Андан кийин Дүйшөбүбү Жамансартованын «Азаматсың, жылкычы» аттуу ырын окууга киришебиз. Бул ырды өтүүгө киришүүдөн мурда *жылкычы* деген сөздүн маанисин окуучулар билишеби? Эгерде билишсе, ким жөнүндө сөз болууда? Кыскача суроолорго жооп алынган соң, текстке киришебиз.

Азаматсың, жылкычы

Буруксуп жыпар жыт чачып,
Жадырап жаңы таң атып.
Көк шибер тоонун арасы,
Көйкөлөт түркүн гүл ачып.
Жайлоого дайым суктанам,
Боз үйдө жыргап уктагам.
Барпайган арча, кайыңга,
Байырлап көңүл ыктаган.

Тоо ичи көркөм туландуу,
Тотудай гүлдөр буралды.
Жылкычы сунуп бал кымыз,
Мейман күтүп кубанды.
Жагымдуу жашка, карыга,
Бал татып кымыз дары да.
Ден соолук үчүн табылгыс,
Тазартат дарттанарылта.

Жылкычы байкем шаттанып,
Журтуна ысмы даңкталды.
Ак эмгек, маңдай тер менен,
«Азамат» аты сакталды.

Жогоруда асты сызылган сөздөрдү окуучулардын сөздүк дептерине жаздырабыз.

*Сөздүк:*

*дарттан*-оорудан

*арылтат*-айыктырат,сакайтат

Сөздүк жумуштарынан кийин окуу китебиндеги суроолор менен иштешет. Ал суроолорго ырдагы жаратылыштын, жайлоонун кооздугу, көркөмдүгү берилген, окуучулардын түшүнүгү аталган суроолор аркылуу аныкталат.

1. Жайлоонун кооздугу ырда кандай сүрөттөлүптүр? Чыгармадан ошол ыр саптарын таап, үн чыгарып, көркөм окугула.
2. Боз үй тууралуу эмнелерди билесиңер? Билгениңерди айтып көргүлөчү.
3. Кымыздын дарылык касиети кандай экен? Дагы кандай улуттук суусундуктарды билесиңер?
4. Жайлоонун кооздугун күн сайын көрүп, ак эмгеги менен жылкы баккан жылкычыны «азамат» деп айтсак болот бекен?

*Окуучуларга үйгө төмөнкүдөй тапшырма берилет:*

1. «Жайлоодо» деген темада сүрөт тартып келгиле.
2. «Ат – адамдын канаты» деген темада ой бөлүшүүгө даярдангыла.

Жогорудагы суроолор боюнча үй тапшырмасын кандай аткаруу керектигин окуучуларга үлгү катары көрсөтүп, көрсөтмө беребиз. Окуучулар үйдөн тапшырма аткарууда буйдалбай, туура багытта болушу, убакытты үнөмдөшү балдардын сабакты кабылдоосуна кедергисин тийгизбей, тескерисинче алардын демине дем кошот.

## Адабияттар:

1. Токтомамбетов А.Д. Башталгыч класста Адабий окуу китептери менен иштёёнщн ёзгёчёлщктёрщ (мугалимдер, студенттер щчщн методикалык колдонмо). -Бишкек, 1997.
2. Токтомамбетов А.Д., Субанова Б.З. Адабий окуу, 2-класс, щчщнчщ басылышы. – Бишкек: «Полиграфбумресурсы», 2009.
3. Токтомамбетов А.Д. Адабий окуу, 2-класс щчщн окуу китеби, Оъдолуп экинчи басылышы. –Бишкек: Акыл, Мектеп, 2003. (биринчи басылышы 1997-ж. жарыкка чыккан).
4. Токтомамбетов А. Экинчи класста эне тилин окутууну жакшыртуу. –Бишкек: Мектеп, 1993. (Башталгыч класста мугалимдер щчщн методикалык колдонмо)
5. Формативдик жана суммативдик баалоо боюнча колдонмо. Даярдагандар: Доктор Ричард Гонзалес, О.Аксенова, Г.Сахарова. -Бишкек, 2008.